***Ш.Балыбаева***

## Түрк тилдериндеги таандык категория маселесине карата

Борбордук Азияда байыртадан эле кыргыз, өзбек, казак, уйгур, түркмөн, каракалпак сыяктуу түрк элдери жанаша жашап келишет. Булардын тилдери тилдердин Алтай тобунун түрк группасына кирет. Түрк тилдеринде сүйлөгөн элдер болжол менен Балкан жарым аралынан тартып Байкал көлүнө чейинки аймактарга таралган.

Алгач түрк тилдеринин изилденишине чыгыш таануучулар кёңүл бурушкан. Түрк тилдерин элдердин тарыхы менен тыгыз байланышта изилдөө негизги проблема болгон. Бул маселени чечүүдө түрк тилдеринин салыштырма – тарыхый этимологиялык сөздүгүнүн материалдарынын чоң мааниси бар,- деп жазат К. К. Сартбаев.[1]

Байыркы түрк тилдеринин изилденишинде салыштырма – тарыхый метод да, жөнөкөй салыштыруу методу да колдонулуп келген. Мына ошондой эмгектерге XI кылымдагы М. Кашгаринин сөздүгү кирет. «Дивану лугати т-түрк» сөздүгүндө түрк тилдеринин фонетикалык, морфологиялык, синтаксистик материалдары салыштырмалуу планда берилген.

XVIII кылымдан тартып түрк тилдерин илимий жактан изилдөө жумуштары колго алына баштайт. Орус түркологдору өздөрүнүн илимий эмгектери менен түрк тилдери боюнча дүйнөлүк мааниси бар жетишкендиктерге жетишишет. Бара-бара түрк тилдеринин изилдениши кенири каралып советтик окумуштуулар изилдей баштады.

Орто Азияда түрк тилдеринен кыргыз, өзбек, каракалпак, казак, уйгур, түркмөн тилдери басымдуулук кылат. Мындай тилдик ареалда тилдин бири-бирине тийгизген таасири даана байкалат. Ар бир тилдин өзүнө тиешелүү башка тилдерден айырмаланган өзгөчөлүктөрү бар. Тилдердин мындай өзгөчөлүктөрүн иштеп чыгуу максатында бир нече тилдердин грамматикасын салыштырып иликтөө, изилдөө иштерин жүргүзүү, лингивистиканын күн тартибинен түшпөй келет.

Биз да ушул планда иш алып барып, бул макалабызда тщрк тилдеринин таандык котегориясына токтолобуз.

Түрк тилдеринин бири болгон каракалпак тилинде таандык категориясы аныктооч менен аныкталгычтын ортосундагы синтаксистик байланышты билдирип, тиешелүү мүчөлөр аркылуу ишке ашат,[2] деп жазат Н.А. Баскаков.

**Мүчөлөрү:**

| Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|
| 1 - жак –м, -ым / -им | -мыз/миз, -ымыз/-имиз |
| 2 - жак –ң, -ың/ -иң | -ңыз/ңиз, -ыңыз/-иңиз |
| 3 - жак –сы/си, -ы/-и | -сы/-си, -ы/и. |

**Алтай тилинин** таандык категориясы синтаксистик мамилелерди аныктайт, тиешелүү мүчөлөр менен туюндурулат[3], деп жазат Н.А. Баскаков . Мисалы: ада-м (менин атам), эне-зи (анын энеси) ж.б.

**Мүчөлөрү:**

Жекелик сан Көптүк сан

---

[1] Сартбаева К. □□□□□ □□□□□□□ □□□□□□□: □□□□□□ «□□ □□□□», 1987., 15-□□□.

[2] Ярцева В.Н, Солнцев В.М, Толстой Н.И. Языки мира/ Тюркские языки: Б. 1997., 266 - б.

[3] Баскаков Н. А. Алтайский язык: Языки мира, Б., 1997, 181 - б.

1 - жак –м, -ым/-им -быс/бис ыбыс\ибис
2 - жак -ң, -ың/-иң -гар/-гер, -ыгар/-ыгер
3 - жак –зы/-зи, -ы /-и -зы/-зи, -ы/-и

**Кыргыз тилинде** бир же бир нече затты (белгини ж.б.) үч жактын, жекелик же көптүк сандын бирине тиешелүү, таандык кылып көрсөткөн категорияны таандык категория дейбиз[4] : менин үйүм (биринчи жак, жекелик сан ), биздин үйүбүз (биринчи жак, көптүк сан).

Мүчөлөрү:

| Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|
| 1 - жак –(ы) м | -(ы) быз |
| 2 - жак –(ы) ң | -(ы) ңар |
| -(ы) ңыз | -(ы) ңыздар |
| 3 - жак –(с) ы | -(с) ы, -лары |

**Казак тилинин** таандык категориясы төмөнкүдөй жолдор аркылуу уюшулат.
1.Морфологиялык жол менен: жекелик, көптүк санда үч жактын мүчөлөрү аркылуу уюшулат.
2.Морфология-синтаксистик жол менен, башкача айтканда, изафеттик айкалыштар илик жөндөмөсүнүн жардамы менен уюшулат.
3.Синтаксистик жол аркылуу уюшулат[5], деп жазат А.Т.Кайдаров.

Мааниси башка түрк тилдериндегидей эле ээлөөчү жак жана ээленүүчү зат, мисалы: менің балам, сенің досың, аның малы ж.б.

Мүчөлөрү:

| Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|
| 1 - жак –м, - ым/ім | -мыз/-міз,-ымыз/іміз |
| 2 - жак –ң,-ың/ің | -ңыз/-ңіз, -ыңыз/-іңіз |
| -ңыз/-ңіз, -ыңыз/-іңіз (сылык түрү) | |
| 3 - жак –ы/-і, -сы/-сі | –ы/-і, -сы/-сі |

**Шор тилинде** – жак жана сан мүчөлөрү менен айырмаланган аффикстер менен уюшулат [6], деп жазат Г.И.Донидзе. Мисалы: тура-м (менин шаарым), тура-быс (биздин шаарыбыз), тура-лары (алардын шаары, алардын шаарлары) ж.б.

Мүчөлөрү:

| Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|
| 1- жак –м,-ым/-им | -быс/-бис,- ыбыз/-ибиз |
| 2 - жак –ъ-,ыъ/иъ | -ларыъ/-лериъ,-нарыъ/-нериъ,тарыъ/-териъ |
| 3 - жак –зы/зи,-ы/и | -лары/лери,-нары/нери,- тары/тери |

**Өзбек тилинин** таандык категориясы негизге жөндөмө категориясы формасынан мурда, бирок сан категориясы формасынан кийин жалганып, жалганган негиздин жекелик же көптүктүн үч жактын бирине тиешелүүлүгүн көрсөтүүчү морфема таандык мүчөсү деп аталат. Таандыкты алып өзгөрүү жана ушул өзгөрүштүн бириктирген системасы таандык категориясы деп аталат[7].

Мүчөлөрү:

Жекелик сан Көптүк сан
1 - жак – м, -им - (и) миз
2 - жак – инг - (и) нгиз

[4] Давлетов С. Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили, морфология, Фрунзе «Мектеп», 1980.- Б. 55.
[5] Кайдаров А.Т. Казахский язык: Языки мира , Б., 1997, 248-б.
[6] Донидзе Г. И. Шорский язык: Языки мира, Б., 1997, 501-б.
[7] Абдурахманов А., Шоабдурахманов Ш., Хожиев П. Узбек тилинин грамматикасы. 1-том Ташкент, 1975, 144- б.

- ингиз - (и) нгиз, - (и) нглар
3 - жак – и, -си - и, -си, -лари

**Уйгур тилинин** таандык категориясы да заттын кимге таандык экендигин билдирип, тиешелүү мүчөлөр аркылуу ишке ашат[8], деп жазат Г.С.Садвакасов

Мүчөлөрү:
Жекелик сан
1 - жак –м, -рим/-рум/-рүм,-им/-ум,-үм
2 - жак- ң,-риң/-руң/-рүң,-иң/-уң-үң
3 -ңиз,-риңиз/-руңиз/-рүңиз,иңиз/-уңиз/-үңиз (сылык түрү)
4 - жак –си, -ри, -и.

Көптүк сан
1 - жак –миз,-римиз/-румиз/-рүмиз,-имиз/-умиз/-үмиз
2 - жак –ңлар,-риңлар/-руңлар/-рүңлар,-иңлар/-уңлар/-үңлар
3 - жак –си,-ри,-и

Мисалы: сениң китавиң (Сенин китебиң), менин тохурум (менин тоогум) ж.б.

**Хакас тилинде** таандык категориясы жак жана сан мүчөлөрүнүн өзгөчөлүгүн көрсөтүп, тиешелүү мүчөлөр аркылуу ишке ашат [9], деп жазат Г.И.Донидзе, Мисалы: паба-м (менин атам), паба –быс (биздин атабыз) ж.б.

Мүчөлөрү:

| Жекелик сан | Көптүк сан |
|---|---|
| 1 жак –м, -ын/-ім | -быс/-б іс, ыбыс/- ібіс |
| 2 жак –ң,-ың/-ің | -ңар/-ңер,-ыңар/- іңер |
| 3 жак –зы/-з і,-ы/- і | –зы/-зі,-ы/- і |

Бул тилдердеги жекелик сан жак мүчөлөрүнө токтолсок, 1-жак жекелик сан мүчөлөрү дээрлик окшош -(ы) м/- (и) м. Уйгур тилинде – рим/ -рум/ -рүм/ варианттарга ээ. Себеби уйгур тилинин тилдик өзгөчөлүгүнө ылайык үндүү менен аяктаган негиздерге жалгануучу таандык мүчөлөр дайыма «р» тыбышы менен башталат.

Бул мүчөлөр морфологиялык өзгөчөлүктөргө байланыштуу бир канча варианттарда келет. Сөздөрдүн кайсы фонема ( үндүү, үнсүз) менен аяктаганына карап таандык мүчөлөр түрдүүчө өзгөрөт. Мындай өзгөрүүдө үндүү жана үнсүз фонемалардын артикуляциялык жана акустикалык белгилери көңүлгө алынат.

1. жак (ы)м мүчөсү тыбыштык түзүлүшү ар түрдүү сөздөргө уланып, төмөндөгүдөй варианттарда келет:

- сөздүн уңгу бөлүгү жоон үндүүлөрдөн турса – (ы)м: кыз+ым (кыргыз тилинде), мысығ+ым (казак тилинде), палык+ым (шор тилинде), харағ+ым (менин көзүм), (хакас тилинде) ж.б. Уйгур тилнде биринчи жактын мүчөсүнүн – ым түрү колдонулбайт. М: йез + им - (айылым), китав + им (китебим) ж.б.

- сөздүн уңгусу ичке үндүүлөрдөн турса –(и)м, кээ бир тилдердин өзгөчөлүгүнө карай –( і )м түрүндө келет: китеп+им (кыргыз тилинде), билгир+им (алтай тилинде), мектеп+ім (казак тилинде), шәһәр+им (уйгур тилинде);

- сөздүн уңгусу эринчил үндүүлөрдөн турса –(у)м, - (ү)м: көйнөк+үм (кыргыз тилинде), тарвуз+ум (уйгур тилинде) ж.б. Мындай көрүнүш көбүнчө кыргыз жана уйгур тилдерине мүнөздүү экендиги байкалды.

Өзбек тилинде бул сыяктуу өзгөрүүлөр жок. –(и)м түрүндө гана келет: китоб+им, кўйлак+им, қиз+им ж.б.

2-жак, жекелик санынын мүчөсү -(ы)ң. Түрк тилдеринде мааниси бирдей болгону менен, тыбыштык жактан өзгөчөлөнөт: казак тилинде – ң, -ың дан сырткары –ің түрү да колдонулат. Мисалы: бала+ң (сенин балаң), дос+ың (сенин досуң), көңіл+ің (сенин көңүлүң), мектеп+ің (сенин мектебиң) ж.б.

[8] Садвакасов Г.С. Уйгурский язык: Языки мира Б, 1997 , 443-б.
[9] Донидзе Г.И. Хакасский язык: Языки мира, Б,1997., 464-б.

Шор тилинде – нъ, -ынъ, -инъ: тура+нъ (сенин шаарың), палык+ынъ (сенин балыгың), келин+инъ (сенин келиниң) ж.б.

Өзбек тилинде -(и)нг: шахар+инг (сенин шаарың), кўйлак+инг (сенин көйнөгүң), она+нг (сенин апаң) ж.б.

Кыргыз жана уйгур тилинде –(ы)ң, -(и)ң, -(у)ң, -(ү)ң варианттары колдонулат, бирок уйгур тилинде –(ы)ң түрү жок: муәллим + иң (сенин мугалимиң), адәм + иң (сенин адамың).

Бул тилдерден алтай, шор, хакас тилдеринде 2-жак сылык түрү колдонулбагандыгы байкалды.

3-жак жекелик санынын мүчөсү –(с)ы, кээ бир тилдерде –(с) тыбышы –(з)ы болуп, -зы / -зи/ - зі түрүндө келет: алтай тилинде, ада + зы (анын атасы). Хакас тилинде, киме + зі (анын кемеси), азах + ы (анын буту) ж.б. Казак тилинде – і / сі варианты да колдонулат: көңіл + і (анын көңүлү), бала + сы (анын баласы).

- і / -сі түрү ичке үндүүлөрдөн турган сөздөргө, -ы/-сы – жоон үндүүлөрдөн турган сөздөргө жалганат. Сөз болуп жаткан түрк тилдери да ушул варианттарга ээ.

Тилдердин көптүк сан, 1-2-3- жак мүчөлөрүнө токтолсок, 1-жак көптүк сан мүчөлөрү жогоркудагыдай (жекелик сандагыдай) эле көрүнүштө, бирдей тыбыштык турпатта келет. Бирок тилдик өзгүчөлүктөргө карай, алтай, шор тилдеринде – (ы) быс, өзбек, кара калпак тилинде – (и) миз, казак тилинде –(ы) мыз, - ( і ) міз, уйгур тилинде –миз, - римиз (бир канча вариантта), хакас тилинде –(ы) быс,-( і ) біс, кыргыз тилинде –(ы) быз (бир канча вариантта).

Бул тилдердин көпчүлүгүндө мүчөлөр үндөшүү законуна баш ийип, түрдүү варианттарда өзгөрүп келсе: уул+ убуз (биздин уулубуз) кыргыз тилинде, тоху + румиз (биздин тоогубуз) уйгур тилинде, мәктәп + іміз (биздин мектебибиз) казак тилинде ж.б. Өзбек тилинде бир гана – (и) миз түрүндө колдонулат.Өзбек тилинде мүчөлөр сингармонизм законуна баш ийбейт: китоб + имиз (биздин ктиебибиз), ватан + имиз (биздин мекенибиз), ота + миз (биздин атабыз), тоғ + имиз (биздин тообуз) ж.б.

2 – жак көптүк сан мүчөсү, кыргыз тилинде - (ы) ңар, алтай тилинде – (ы) гар / - гер, каракалпак тилинде – (ы) ңыз / - (и) ңиз ж.б. бири – биринен тыбыштык айырмачылыкка ээ. Ал эми шор тилинде 2 – жак көптүк санынын мүчөсү - ларынъ / леринъ, - нарынъ / неринъ, - тарынъ / теринъ жогорудагы мүчөлөрдөн айырмаланат. Мисалы: палык + тарынъ (силердин балыгыңар), эне + леринъ (силердин энеңер), койан + нарынъ (силердин коёнуңар) ж.б.

Уйгур тилинде – ңлар, - риңлар, - руңлар, - рүңлар, - иңлар, - уңлар, - үңлар сыяктуу варианттарга да ээ: мәктәп + иңлар (силердин мектебиңер), ой + уңлар(силердин үйүңөр) ж.б.

3-жак көптүк сан мүчөсү – (с)ы, - лары. Жогорудагы мүчөлөрдөй эле тыбыштык өзгөчөлүктөн (алтай, хакас тилинде – (з)ы, казак – (с)і ) сырткары шор тилинде - лары / - лери, -нары/ -нери, - тары / -тери мүчөлөрү колдонулуп, -нары/ -нери мүчөлөрү башка (сөз болуп жаткан ) түрк тилдеринин мүчөлөрүнөн айырмаланат: келин + нери (алардын келиндери), алтын + нары (алардын алтындары)ж.б.

Уйгур тилинде 3- жакта да «р» тыбышы кошулуп колдонулуп, -ри мүчөсү пайдаланылат.

Жалпылап айтканыбызда түрк тилдериндеги таандык категория ээлөөчү жактын ээленүүчү затка ээ экендигин билдирет. Берген мааниси жана милдет аткаруу мүмкүнүлүгү бири – биринен кескин айырмаланбайт. Бирок, таандык маанини уюштуруучу мүчөлөр алардын кеңири колдонулушу тилдик өзгөчөлүктөрүнө ылайык тыбыштык айырмачылыктарга гана ээ экендиги белгилүү болду.

Бул сыяктуу жакындыктар бул тилдердин түп тамыры, келип чыгышы бир бутакка таандак экендигин көрсөтүп турат.

**Адабияттар**

1.Абдурахманов А., Шоабдырахманов Ш., Хожиев П. Узбек тилининг грамматикасы.
1-том,- Тошкент, 1975.
2.Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили. Морфология, Фрунзен «Мектеп», 1980.
3.Сартбаев К. Туркологияга киришүү. Фрунзе «Мектеп», 1987.
4.Кыргыз тилинин грамматикасы. Морфология, Фрунзе, 1964.
5.Ярцева В.Н., Солнцев В.М., Толстой Н.И., Языки мира / Тюркские языки; Бишкек, 1997.

6. Нуруев Т., Турганбаев Н., Кыргыз жана өзбек тилдеринин салыштырма грамматикасы, Ош-2006